Бекитемин:

Сабитакун Жусупбаев атындагы

орто мектебин директору

_______ Кудайбергенова Мээрим

# Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинин окуучуларынын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү жөнүндө жобосу

## 1.Жалпы жобо

1.1 Ушул жобо Кыргыз Республикасынын "Били берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинин уставынын негизинде иштелип чыкты.

1.2 Жобо окуу жыл ичинде 1-11 класстардын окуучуларынын предметтер боюнча билим сапатын эки жолу аныктоону ирээтке келтирүүчү орто мектептин локалдык актысы болуп эсептелет.

1.3 Бул жобо нормативдүү документ, билим сапатын аныктап туруу үчүн аны өткөрүүнүн формасын жана жолун регламенттейт.

1.4 Билим сапатын көзөмөлдөө-билим берүү процессинин зарыл компонентинин бири

1.5 Окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү азыркы учурда билим сапатын жогорулатуу үчүн бүт кызыктар тараптарды бириктирген башкаруу системасы. Билимдин сапатын аныктоо үчүн административдик көзөмөл жүргүзүү замандын талабы.

1.6 Билим сапатын көзөмөлдөө системасы мугалим, тарбиячынын ошондой эле мектептин ишин сапатын аныктоого багытталат

1.7 Окуу максаты билим берүү процессинин бардык катышуучуларына билим сапатын көтөрүүгө пайдаланылган кайтарым-байланыш. Билм берүүнүн сапаты-билим брүүнүн системасына мүнөздөмө берүү

1.8 Административдик көзөмөл жүргүзүүчүлөр:
1. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары;
2. Бирикме жетекчилери.

Аткаруучулар предметтик мугалимдер

## II. Административдик көзөмөл жүргүзүү тартиби

2.1. Мектепте билим берүү чөйрөлөрүнүн негизинде предметтер боюнча окуу жылы ичинде эки жолу- биринчи жана экинчи жарым жылдыкта окуучулардын билим сапатын административдик көзөмөл жүргүзүү пландаштырылат.

2.2. Көзөмөл жүргүзүүгөкалендарлык-тематикалык планда резерв саатардыен эсебинен саат бөлүнүп, окуучулардын ишине баалоо жүргүзүү класстык журналга түшүрүлөт.
2.3 Көзөмөл жүргүзүүнү уюштуруу талдоо жүргүзүү жыйынтыгын чыгаруу жоопкерчилиги усулдук бирикме жетекчисине жүктөлөт

2.4. Мектептин окуу жылынын башында бекитилген окуу-тарбия прцессинин жалпы планына ылайык түзулгөн график боюнча көзөмөл жүргүзүүгө предметтик мугалимдер милдеттүү

2.5 Усулдук бирикме жетекчисинин көзөмөлү астында биринчи жана экинчи жарым жылдыктарда алынган текшерүү иштери боюнча алардын жыйынтыгы салыштырылып, талданып окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча сунуштар айтылат.